**Айнура Зулпихарова**
**Айнагүл Зулпихарова**

# ОКУУ КИТЕБИ

Жалпы орто билим берүүчү мектептердин
1-классы үчүн окуу китеби

9-басылышы

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги бекиткен*



ТАШКЕНТ — «O‘ZBEKISTON» — 2019

http://eduportal.uz

УЎК 372.41
821.512.154.3
КБК 81.2 қир-93
З 15

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**

Р е ц е н з е н т т е р :

**М. Темирова** — Андижан мамлекеттик университетинин доценти ф.и. доктору;
**К. Каландарова** — Фергана облусу, Коштепа районундагы 13-мектептин башталгыч класс мугалими.

## Шарттуу белгилер:



— суроо жана тапшырмалар

 — макал жана жаңылмачтар

 — табышмак

 — ребус, кроссворд

 — сабактын аягы

Ардактуу окуучум! Алиппени окуп, тамга таанылдың. Эми окугандарыңдын негизинде сөз дүйнөсүнө сапар тартабыз. Анда таалим-тарбиянын кенчи катылган. Бул ааламга сапарың учурунда сага менин эң жакын жардамчыларым көмөк көрсөтүшөт. Алар окуу китебиндеги шарттуу белгилер болуп саналат. Аларды жакшылап окуп, таанып ал.

ISBN 978-9943-01-731-3
© А. Зулпихарова ж.б., 2018
© «O‘ZBEKISTON» БПЧҮ, 2011—2019

http://eduportal.uz

# ӨЗБЕКСТАН — МЕКЕНИМ МЕНИН

## 1-сабак.



### МЕКЕН

Учу-кыйыры кең мекен,
Алдейлеген энем сен.
Бүт дүйнөнү кыдырсам,
Табалбаймын сага тең.

Булагыңдан суу ичем,
Гүлзарыңдан гүл үзөм.
Балдан таттуу сезилет,
Бак алмаңдан мен жесем.

Көңүлүмдө жаттаймын,
Жүрөгүмдө сактаймын.
Алтын, күмүш, каухарга,
Алмашпаймын, сатпаймын.

Темиркул Үмөталиев

1. Биздин мекенибиз кандай аталат?
2. Ыр сага жактыбы?
3. Ал жөнүндө эмнелерди билесиң?
4. Ырдын 8 катарын жаттап ал.

**2-сабак.**

## МЕНИН АЙЫЛЫМ

Мен табияты кооз, жери сонун Андижан жергесинде жашайм. Айылымдын атын Сүткен дешет. Өткөн жылы жайда чоң энем менен Сырдарыяга таякемдердикине бардык. Ал жер суусу мол, ар түркүн коон-дарбыз жана талаа эгиндерине бай экен. Бирок үч күн өтпөй үйүмдү сагындым. Айылыбызды аралап өткөн арык, мөмөлүү бактар, шуудураган теректер жана

http://eduportal.uz



сүйкүмдүү апам түшүмө кирди. Эртеси үйгө кайттык. Аялдамага келип түшкөндө үйүмдү көздөй чуркадым. Мен ошондо гана өз айылымды жакшы көрөөрүмдү сездим.



1. Теңдешиң кайсы жерде жашайт экен?
2. Ал чоң энеси менен кайсы жерге барды?
3. Айылындагы бак-дарактар, апасы эмне үчүн түшүнө кирди?



Туулган жердин топурагы — алтын.



## 3-сабак.



# МЕКЕН САКЧЫСЫ

Менин Ооматбек агам Сурхандарыяда чек ара кошуундарында кызмат кылат. Атам, апам, чоң атам менен январда көргөнү бардык. Биз агам менен учураштык. Агамдын кызматташ достору менен да тааныштык. Алар көркөм формаларда, өздөрү эр жүрөк, баатыр жигиттер экен. «Мекенибиздин чек арасын күжүрмөндүк менен күзөтүүдөн талыкпайбыз» дешти.

Аларга абдан суктандым. Келечекте мекенимди коргогон чек арачы болмокчумун.



http://eduportal.uz

Жигит болуп чоңоюп,
Өсүп, күчкө толомун.
Ата-энемди ардактап,
Чек арачы боломун.

1. Досуңдун агасы каерде кызмат өтөйт экен?
2. Алар эмне кылышты?
3. Досуң чоңойгондо ким болом дейт?
4. 14-январь кандай күн? Сүрөткө карап сүйлөп бер.

Эр жигит эл четинде, жоо бетинде.

## *4-сабак.*

# МЕКЕН

Ак кептер койнун ээлеген,
Апамдай сүйкүм кең мекен.
Ар дайым атап атыңды,
Ар дайым толкуйм сен менен.

Атагың уккан дегдешет,
Алыстан көрүп эл келет.
Ааламда сонун жайлар көп,
Кайсысы сага теңдешет.

http://eduportal.uz

Тырнактай болуп жаралып,
Тууган жер көнсөң оюма.
Көрсөтөр элем дүйнөгө,
Көтөрүп жүрүп колума.

Байдылда Сарногоев

1. Акын мекенди эмнеге окшоштурду?
2. Ырды көркөм оку.

Кышта ичи чок болот,
Жазда иши жок болот. (М...)



*5-сабак.*

## АЛИППЕ ЫРЛАР

А Б В Г Д Е
Ар тамгада бышат чие.
Ң Ж З И Й К
Жетем десең чурка!
Л М Н Ң О Ө
Минишиптир төө.
П Р С Т У Ү
Жардамдашат угуп күү.
Ф Х Ц Ч Ш Щ



http://eduportal.uz

Суугa түшөт ысыса.
Ы Э Ю Я
Салышыптыр уя.

Токтосун Самудинов

## СҮРӨТ САБАГЫНДА



Көрүп тарткан сүрөтүн,
Айтты агай Жолонго:
— Ой, мүйүзү каякта?
Сенин букаң токол го?..
— Агай! Мунун мүйүзүн,
Тартпай койгон себебим.
Кетсе кокус бошонуп,
Сүзүп алат дегеним!..

## САРИН МЕНЕН МАЕК

— Ким болосуң чоңойгондо?
— Балмуздакчы боломун!
Балмуздак чыккан жерде иштеп,
Балмуздакка абдан тоёмун!

Салмагани Бектуруш



http://eduportal.uz

1. Бектуруш агайдын ырлары жактыбы?
2. Чоңойгондо ким болгуң келет?

**6-сабак.**

## АТА ЖУРТУМ

Табиятты тааный билип,
Ыйык сезип, кармап бийик.
Айыл, калаа өңүн ачсак,
Алма, алча, өрүк тигип.

Тоо суусунун шарын тыңшап,
Жазда барып, жатса уктап.
Эс аласың, күч аласың,
Кызыл, жашыл гүлүн жыттап.

Барктабас Абакиров

## Бөлүм боюнча кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Бөлүмдө сага кайсы аңгеме жакты?
2. Мекен дегенде сен эмнени түшүнөсүң?
3. Бөлүмдөгү макалдарды жаттап ал.

http://eduportal.uz

# СЫЙКЫРДУУ КЫШ

*7-сабак.*

## БИРИНЧИ КАР

Улак чындап ойлонду:
«Сүттү төгүп койгонбу?»
Сапсары ооз таранчы,
Сайрайт: «Достор карачы,
Жерге батпас тыйынды
Бирден терип саначы».
Чычкан уулу момолой,
Чың-чың этет: «Ой, тобо, ой,
Ким чачты экен талаага
Ун убалын ойлобой!»

Анатай Өмүрканов

1. Чын эле ушундай болобу?
2. Ырды жаттап ал.
3. Ырда эмне жөнүндө айтылып жатат?

http://eduportal.uz



Карагайсыз, тактайсыз,
Көпүрө салат балтасыз. (А...)

Өзү кардай, даамы балдай,
Тишке жумшак, бирок муздак. (Б...)



## *8-сабак.*

## КЫШ

Теребелди ак бубагына чүмкөп, түндө кар жааптыр. Күнгө жекшемби болчу. Уйкусунан кеч ойгонгон Бехруз көзүн ышкалап терезеге келди. Сыртта жааган ак карды көрүп, уйкусу дароо ачыла түштү.

— Ии, апа, кар жааган тура?! Кардан киши жасап, досторум менен ойнойт экенмин-да! — деди сүйүнүп.

— Ооба, карегим! Оболу, бетиңди жуу, тамагыңды ич. Сыртта суук катуу, жылуу кийин, колуңа мээлейиңди кий. Анан чыгып досторуң менен ойнорсуң.

http://eduportal.uz



Бехруз тамагын ичип, жылуу кийинип, шашылып сыртка чыкты. Досттору эчак эле чыгып, кардан киши жасап жатышыптыр. Бехруз да аларга кошулду.



1. Сен да кардан киши жасадың беле?
2. Кышында кандай оюндар ойнойсуңар?



Билимдүүнүн сөзү өткүр,
Мергенчинин көзү өткүр.



http://eduportal.uz

## *9-сабак.*

# БУГУ МЕНЕН ЭЛИК

## I

Бизден тээ миңдеген чакырым алыста Лапландия деген өлкө болгон экен. Ал жерден жыл бою суук кетпей, ак кар, көк муз каптап турат экен. Жаш досум, түндүк бугуларга чана чегип, сен өңдүү балдарга белек алып келчү Аяз ата ошол өлкөдөн келет. Кайсы бир жылы Аяз ата жаңы жылдан кайтаарда бир бугусу биздин тоолордо калып кетиптир. Токойдо жүрүп эптеп кышты чыгарган Бугу Элик менен таанышып калат. Элик ага түркүн чөптөргө бай жайлоолорду, жайдын ысыгында салкын төрлөрдү, тунук булак сууларын көрсөтөт. Бугу бир аз мезгил жыргап жашап калат.

1. Лапландия кандай өлкө экен?
2. Мультфильмдеги Аяз атанын чанасын эмнелер сүйрөйт?
3. Түндүк бугусу эмне менен таанышты?

http://eduportal.uz

## 10-сабак.

### II

Бугу күндөрдүн биринде тоо чокусундагы ак кар, көк музду көрүп озондоп ыйлап жиберет.

— Сага эмне болду, Бугу дос, эмнең жетишпейт? — деп сурайт Элик. Анда Бугу:

— Жеген-ичкенден, жайдан көңүл ток, бирок жүрөгүмдө тынчтык жок. Ак кар, көк муздуу мекенимди сагындым. Чөпкө мол, суусу тунук болсо да, өзүмдүн кары суук, музу көк өз жерим жакшы, — дейт.



http://eduportal.uz

— Өз айтымында, мекениң бизден миңдеген чакырым алыс экен. Андан көрө биздин тоолорду мекенде. Ал жерде да ошондой суук, түбөлүк мөңгүлөр бар. Эгерде мени таштап кетпесең, абдан кубанат элем, досум, — дейт Элик.

Бугу өз мекенине кете албай, ак карлуу тоо чокуларын мекендеп калыптыр. Досу Эликти сагынганда кээде токойго түшүп турат экен. Суукка үшүбөйүн деп жүндөн тон кийип, мүйүзүн өзгөртүп, тоо эчкисине айланып алган имиш.



1. Жомок жактыбы?
2. Бугу эмне үчүн ыйлады? Себеби эмнеде?
3. Элик ага эмнени сунуш кылды?
4. Суукка үшүбөйүн деп кандай аракет жасаптыр?



Бүрүшөө калат тиштесе,
Балбан экен иштесе.
Көтөрүп жөнөйт безилдеп,
Өзүнөн чоң жүктү эки эсе. (К...)



http://eduportal.kz

# БИЛИМ — АКЫЛ ЧЫРАГЫ

***11-сабак.***



## ОКУУ МЕНЕН БИЛИМ ЖӨНҮНДӨ

Окуу, акыл-эс караңгы түндөгү жарыкка окшойт. Ал эми билимди ошол жарыктан тарай турган нур десе болот. Окуу кут-берекеге, билим даңкка бөлөйт. Ушул эки касиети бар адам улуу инсандардын катарынан орун алат. Сен муну көңүлүңө куюп, бекем түйүп ал. Буга ишенбесең, шек санасаң, көзүңдү чоңураак ач.



http://eduportal.uz

Мага даанышмандардын мына мындай үлгүлүү сөзү жакшы маалым: «Билимдүү адам өз билиминин артынан жамандык менен бактысыздыктардан аман калат».

Жусуп Баласагын



1. Текст эмне жөнүндө экен?
2. Бабабыз бизге кандай үгүт-насааттарын берип жатат?
3. Тексттен түшүнбөгөндөрүңдү мугалим менен чечмелегиле.



## 12-сабак.

# МУГАЛИМ



Алтыдагы бөбөккө,
«Алиппени» тааныткан.
Адамзатты илимге,
Алып кирген даанышман.

Жетилсин деп жеткинчек,
Акыл-күчүн төшөгөн.
Баштап өткөн бүт элди,
Билим деген көчөдөн.

http://eduportal.uz

Таалим алып жер жүзү,
Мугалимдин колунан.
Келечекке адымдап,
Келет тайбай жолунан.

Жолон Мамытов





1. Ырды көркөм оку.
2. Ырда акын мугалимди кандай сүрөттөптүр?
3. Өзүң жана сенден чоң окуучу тааныштарың жактырган мугалим жөнүндө айтып бер.
4. Сен эмне үчүн жакшы окушуң керек деп ойлойсуң?



Билимден ашкан байлык жок.

Билимдин кени китепте.



***13-сабак.***

## АКЫЛДЫН БААСЫ

### I

Илгери өткөн заманда бир бай адам болгон экен. Ал күндөрдүн биринде өзү өңдүү бай соодагерлерге зыяпат уюштурат. Зыяпатта соодагерлер өздөрүнүн соода-сатык иштери, ийги-

http://eduportal.uz



ликтери жөнүндө мактанып сүйлөшөт. Андан ары үй кызматчыларына айтылган жумушту ашыгы менен аткартып, аз акы бергендерин айтып мактанышты.

Бул сөздү угуп отурган үй ээси:

— Менин эки үй кызматчым бар. Алардын бирине айына бир алтын тенге төлөйм. Ал короодогу жумуштарды аткарат. Экинчи кызматчыма айына үч алтын тенге төлөйм. Ал да ушундай жумуштарды жасайт, — деди.

1. Бай эмне кылды?
2. Соодагерлер эмне жөнүндө сүйлөшүштү?
3. Үйдүн ээси эмне деди?

http://eduportal.uz

## 14-сабак.

### II

Сөзүнүн далили катары биринчи кызматчыны чакырды. Ага: «Шаарга соода кербени келди деп уктум. Ушуну билип кел», — деди. Кызматчы көп күттүрбөй эле барып келип, «Ооба, укканыңыз чын экен», — деди. Эми ушул эле тапшырманы экинчи кызматчыга берди. Ал бир аз кечигип келди да, мындай деди:

— Кожоюн, ал кербен Чыгыштан Батышка кетип жатыптыр. Кытайдын сапаттуу чыны идиштерин сатат экен. Элге он тенгеге он идиш берип жатыптыр. Эгер ала турган болсок, бизге он тенгеге он эки идиш берем дейт.

Үйдүн ээси: «Бир буйрукка үч жумушту аткарган адамга үч эсе акы төлөгөнүм оң бекен? Анткени ал акчаны акылы менен таап жатат», — деди күлүп.

http://eduportal.uz



1. Байдын биринчи кызматчысы кандай жооп алып келди?
2. Экинчи кызматчы тапшырманы кандай аткарды?
3. Үй ээси аягында эмне деди?
4. Айтылган жумушту акылдуулук жана ашыгы менен аткарууга үйрөн.



Башы иштебеген буту менен зыян көрөт.



*15-сабак.*

## ӨЗҮҢ ОЙЛОП ТАЛДАЧЫ

Жатып алсаң керилип,
Керебетке кийимчен.
Үйдүн чаңын көтөрүп,
Аркы-терки жүгүрсөң.

Китеп менен кас болуп,
Оюн менен дос болсоң.
Ынтымактуу балдардын,
Ортосуна от койсоң.

http://eduportal.uz

Уруп өтсөң таш менен,
Кошунаңдын коёнун.
Өзүң ойлоп, талдачы,
Кандай бала болоруң?..

Токтосун Самудинов

1. Ыр жактыбы?
2. Ырда кандай бала жөнүндө сөз жүрүп жатат?



Канаттуунун дөөсү,
Уча албаган жөөсү.
Африкада көп дейт,
Азыр балдар эстейт. (Т.. ...)



*16-сабак.*

# АКЫЛДУУ БАЛА

## I

Илгери өткөн заманда илим-билим өнүккөн бир мамлекет болгон экен. Ал мамлекетте бардык илимдерди үйрөнүп, дүйнөнүн сырын билмекчи болгон эки окумуштуу болот. Алар жети жыл бою илим алып, окубаган китеби

http://eduportal.uz



калбаптыр. Ошондон улам дүйнөдөгү эң чоң китепканага жол алышат. Бул дүйнөнүн түйшүктөрү, адамдар илим үйрөнүүгө тоскоолдук кылбасын деп, тамак-аш жана китептер менен бир үңкүргө кирип кетишет. Үңкүргө алып кирген китептеринин жарымын окуп бүткөнчө үч жыл өтөт. Күндөрдүн биринде үңкүрдүн оозунда от жагып отурушса, алыстан бир бала көрүнөт. Бала адеп менен салам берип, алардын жанына келип отурат. Окумуштуулар баладан жарык ааламдагы жаңылыктардан сурашат. Сүйлөшүп



http://eduportal.uz

отуруп, тамактанышат. Аңгыча жамгыр жаап жиберет.




1. Окумуштуулар эмне үчүн илим үйрөнүшүптүр?
2. Алар кандай максатта үңкүргө кирип кетишет?



## 17-сабак.

### II

Бала атасы аны чок алып келүүгө жибергенин айтып, алардан чок сурайт. Бирок баланын колунда чок алып кетээрге эч нерсе жок болчу. Окумуштуулар балага:

— Мейли чок алсаң ал, бирок, колуңда эч нерсе жок-го? Кантип алып кетесиң? — дешет. Анда бала:

— Силер макул болсоңор мен өзүм билем кантип алып кетээримди, — дейт. Анан бир колуна күлдөн азыраак салып, анын үстүнө куйуп турган

http://eduportal.uz

оттун чогунан салат. Экинчи колуна дагы күлдөн азыраак салып, чоктун үстүн жаап, жамгырдан бекитип алып кетет.

Муну көрүп, окумуштуулардын бири шеригине:

— Биз он жыл илим үйрөндүк. Бирок бир койчу баланын акылы жеткен нерсеге биздин акылыбыз жетпеди. Акыл жашта эмес, башта экен. Илимди китептен да, адамдардан да үйрөнүш керек турбайбы, — деп китептерин алып үйгө кайтышыптыр.




1. Бала чокту кантип алып кетти?
2. Окумуштуулар кандай жыйынтык чыгарышты?



Акыл баштан, асыл таштан.

Бир улуунун, бир кичүүнүн сөзүнө кир.



http://eduportal.uz

## *18-сабак.*

# Бөлүм боюнча кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

**I.** Төмөнкү суроолордун жообун чакмактарга тууралап койсоң, бир макалды окуйсуң.

1. Калемпирдин даамы.
2. Дос эмес.
3. Ушул бөлүмдүн 2-сабагындагы кызматкер көп акчаны эмнеси менен тапты?
4. Душман эмес.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | А | | | | |
| Д | | | | | |
| | А | | | | |
| | Д | | | | |

**II.** 1. Бүт элди билим деген көчөдөн баштап өткөн ким?

2. «Өзүң ойлоп талдачы» деген ырдагы иш-аракеттерди жасаган бала кандай болот?

3. «Акылдуу бала» аңгемесиндеги чокту сен кандайча алып кеткен болот элең?



http://eduportal.uz

# БИЗ УЛУУ ЭЛДИН УРПАКТАРЫБЫЗ

***19-сабак.***



## АТА ЖУРТУМ

Урпагымын кыргыздын,
Ала-Тоону жердеген.
Бабам — Манас, айтылуу,
Жоого намыс бербеген.

Өзбекстан ардактуу,
Менин Ата Мекеним.
Эне тилим — кыргыз тил,
Билем кымбат экенин.

http://eduportal.uz

1. Ырды жаттап ал.
2. «Бабам — Манас» деген ким?
3. Ардактуу мекенибиз кайсы экен?

**20-сабак.**

## АТА БАБАМ — СЫЙМЫГЫМ

Тарыхы болбой эл болбойт. Ар бир элдин өткөн тээ көп кылымдык өтмүшүндө шаңдуу күндөрү бар. Ошону менен бирге жоо сайышкан кыйын, татаал учурлары да болот. Бирок, ар кандай шартта да элин колдогон инсандардын аты дайыма ыйык. Буга Ширак, Тумарис, Нажмиддин Кубра, Жалалиддин Мангуберди, Темур Малик, Амир Темур, Мырза Улукбек жана башкаларды көп мисал келтирсе болот. Биз алар менен сыймыктанабыз.

1. Элибиздин башынан кандай күндөр өткөн экен?
2. Аңгемеде аты аталган ата-бабаларыбыз жөнүндө эмне билесиң?
3. Адеп сабагынан алар жөнүндө окудуң беле?

http://eduportal.uz

## 21-сабак.

# НЕГЕ?

— Уюм, неге мөөрөйсүң?
— Музоомду издеймин.
— Кой, сен неге маарайсың?
— Козума «кел, тез» деймин.

— Кишенейсиң, бээ, неге?
— Кайда деймин кулунум.
— Боздойсуң сен, төө, неге?
— Кайда ботом, — жүлүнүм?



— Дөбөт, не көп үрөсүң?
— Жүрөм кырсык жолотпой.
— Короз, неге кыйкырасың?
— Калбайбы анда таң атпай.

— Эшек, неге бакырасың?
Бакырбасаң болбойбу?
— Болот, бирок, бакырбасам,
Короз уктап калбайбы?



Турап Айдаров (казак акыны)

http://eduportal.uz

1. Кайсы чыгарма эсиңде калды?
2. Жаныбарлардын балдары кандай аталышын билип алдыңбы?
3. Башка өзүң билген жаныбарлардын балдары кандай аталышын ата-энеңден сурап, жазып кел.

Жайда да жапжашыл,
Кышта да жапжашыл.
Оболоп бой керген,
Бул эмне, тапчы азыр. (А ...)

## 22-сабак.

## АМИР ТЕМУР

Эл баштаган, журт кураган бабаларыбыздан эң көрүнүктүүсү Амир Темур болуп саналат. Ал азыркы Шахрисабз шаарына жакын кыштакта төрөлгөн. Жаштайынан аскердик иште чыйрактыгы, адилеттүүлүгү, акылмандыгы менен көпкө үлгү болгон. Мезгил жетип, айланасындагы бардык

http://eduportal.uz



уруулaрды бириктирип, күчтүү мамлекет кураган. Амир Темур бабабыз: «Күч — адилеттүүлүктө» деп айткан.



1. «Эл баштаган, журт кураган» дегени эмне?
2. Амир Темур каерде төрөлгөн?
3. Ал кандай адам болгон экен?
4. Бабабыз кандай иштерди жасаган?
5. Темур бабанын төмөндө берилген насааттарын жаттап ал.



Перзенттери саламат журт күчтүү болот.

Үй-бүлө — ыйык турак.





http://eduportal.uz

## 23-сабак.



# ЭР ЖҮРӨК БААТЫР

Жалалиддин бирде оңго, бирде солго чабуул жасап, душманга каршы эр жүрөктүүлүк менен согуша баштады. Бирок Чыңгызхандын жоокерлери барган сайын кысып келе берди. Жоо көп болгондуктан, Жалалиддин дарыяга чегинүүгө аргасыз болду. Болгону жети миң жоокери менен отуз миңдик жоого каршы ушунчалык кайраттуулук менен каршылык көрсөттү. Ал моңол ханы Чыңгызханды өтө таң калтырган. Ал: «Атанын чыныгы уулу мына



http://eduportal.uz

ушундай болуш керек», — деп ага суктанган жана жоокерлерин анын артынан баруудан кайтарган. Аз сандуу жоокерлери менен суудан сүзүп өткөн Жалалиддин кийинки согушка даярдык көрүүгө ашыкты.




1. Жалалиддин ким?
2. Аңгеме жактыбы?
3. Аңгемени көркөм оку.



Бир түп тыттын түбүндө,
Бир түп түрп турат.
Бир түп тыт,
Түрптү түртүп турат.



***24-сабак.***

## ТУУРА ЭМЕС УЧУРАШУУ

Бир өтүкчү коңшусу,
Эркелетип Уланды.
— Оо, кандайсың, бала?.. — деп,
Куйрукка чаап турбайбы.

http://eduportal.uz

Тамашага андайда,
Тамаша сөз табылып,
Айтат Улан: — Туура эмес,
Учурашып алдыңыз...

Атантай Акбаров

Таң заарынан кыйкырып,
Уйкучуну шашылтат.
Койкоңдогон таажылуу,
Ал кай жандык, атын тап. (К...)

## КИРПИНИН ЫРЫ

Найза болбойт колумда,
Найзам менин жонумда,
Душман көрсөм жалтайлап,
Кире качпайм коңулга.

Кыйын болсо абалым,
Коргоно да аламын.
Топтомолок кадимки,
Топко окшоп каламын.

1. Ырды көркөм оку.
2. Саламдашуу адебин билесиңби?
3. «Кирпинин ыры» ырын жаттап ал.



http://eduportal.uz

## 25-сабак.

# КУУ ТҮЛКҮ

Жолборс бир түлкүнү кармап алат. Түлкү куйругун булаңдатып, тумшугун жогору көтөрүп:

— Мени жей албайсың! Мен бул калың токойдун кожоюну болууга келгенмин, — дейт.

Жолборс анын сөзүнө ишенбейт. Анда түлкү:

— Ишенбесең мени менен бирге токойго баргын. Андагы бардык жа-



ныбарлардын менден кандай коркорун өз көзүң менен көргүн! — дейт.

— Көрсө көрөйүн, — деп жолборс түлкүнү ээрчийт.

Түлкү анын алдына түшүп алып, абайлап жүрүп отурат. Жолборсту көргөндөрдүн жүрөктөрү түшүп, туштушка качып жок болушат. Канаттуу куштар уяларынан уча качышат. Түлкү жолборско:

— Менден коркпой турган эч ким жок экенине эми ишендиңби? — дейт.

Анда жолборс:

— Чын эле сен абдан барктуу экенсиң. Айбанаттардын баары сыйлап, коркушат тура. Сага жамандык кылууга болбойт экен, — деп түлкүдөн коркуп, коё берет. Ошентип куу түлкү өлүмдөн кутулган экен.

?! 1. Жомоктун аты эмне үчүн куу түлкү?
2. Түлкү жолборсту кантип алдады?

http://eduportal.uz

## 26-сабак.

# БУЛБУЛ



Байыркы заманда бир чал булбул экөө дос болуптур. Чал мергенчи да, комузчу да экен. Ал күндө мылтыгын асынып, токойдон кийик атып келип тиричилик кылат. Токойдо сайраган түрдүү канаттуулардын үнүн угуп, үйгө келгенде аларды туурап комуз чертип, ар түрдүү күү чыгарат. Күндөрдүн биринде булбул чалдын күүсүнө кызыгып:

— Досум, мага күүлөрүңдү үйрөтүп койчу, — дейт.

— Макул, — деп чал ар күнү комузун колуна алып, ар кандай мукам күүлөрдү кубулжута сайратып черткенде булбул тыңшап, анын күүлөрүн тураганга тили жатыга баштап, аз-аздан үйрөнүп кетет. Бара-бара тим эле комуздай таңшытып, бүт үйрөнүп алат.

1. Булбулдун үнүн уккансыңбы?
2. Ал мукам сайраганды кимден үйрөнүптүр?

## *27-сабак.*

# ТҮШ

Төмөн жакты карасам,
Үй үстүндө баратам.
Мышык итти кубалап,
Жүргөн экен «ураалап!»

Эл кызыкка батыптыр,
Балык ырдап жатыптыр.
Кээде-кээде желдирип,
Пилди жүрөм мен минип.

Пилден жерге куладым,
Чуулдады кулагым.
Мына кызык, керемет!
Кулаганым керебет.

Нургазы Ахмедулин

1. Ырда жазылгандар чындыкка төп келеби?
2. Ырдын аты эмне үчүн «Түш» экен?



http://eduportal.uz

# ЖАЗ — ЖАҢЫЛЫКТЫН ЖАРЧЫСЫ

## 28-сабак.



## БОЛУП КАЛДЫ ЖАЗГЫ УБАК

Кыш кеткенде жаз чыгат,
Жаз алдында ким турат.
Байчечекей биринчи,
Баш чыгарып кылтаят.

Кыш кеткенде жаз чыгат,
Жаз алдында ким турат.
Аюу чыгып чээнинен,
Оозун ачып дуңкуят.

Байдылда Сарногоев

http://eduportal.uz

1. Жаз мезгилинде кандай өзгөрүүлөр болот?
2. Жаз гүлдөрүн санап бер.
3. Сүрөткө карап аңгеме түз.

Жазгы мээнет, күзгү ыракат.

Жазгы жамгырга ишенбе,
Кышкы күнгө ишенбе.



*29-сабак.*

## ЖАЗ — ЖАРАТЫЛЫШТЫН МАЙРАМЫ

Жаздын келиши — чоң кубаныч. Жаз кантип келет, эстечи? Адегенде күн жылыйт, анан кар эрий баштайт. Ошол маалда кара чыйырчыктар келет. Кай бир жерлерде кар эрип бүтө электе байчечекей гүл ачат. Мал төлдөп, козу-улактар, музоолор, кулундар туулат.

http://eduportal.uz

Келгин куштар, кара чыйырчык, чабалекей, турналар келет.

Элдин баары жер айдап, бакка көчөт отургузуп, эмгектенишет.



1. Жазда жаратылыш кандай өзгөрөт?
2. Кайсы канаттуулар учуп келишет?
3. Бакта, талаада кандай жумуштар жасалат?
4. Кайсы ыр жана аңгемелер сага жакты?

Айнек эмес, бирок жалтырайт,
Кол тийгизсең дароо калтырайт.
(С...)

http://eduportal.uz

## 30-сабак.



# 8-МАРТ — КЫЗ-КЕЛИНДЕР КҮНҮ

Бул күнү сен апаңды майрамы менен куттуктаганды унутпа! Апаң жөнүндө ойлонуп көрчү! Сенин апаң мээримдүү, сулуу жана акылдуу. Апаң сенин эң жакын адамың. «Балам жакшы адам болсо экен», — деп ар дайым ойлонот. «Тамак ичтиби, курсагы ачкан жокпу», — деп бир мүнөткө да сени унутпайт. Бүт дүйнөдөгү апалардын баары сулуу жана мээримдүү.



http://eduportal.uz




1. 8-март кандай күн экен?
2. Апалар жөнүндө өз оюңду билдир.
3. 8-мартка белек даярдадыңбы?



Жамгыр менен жер көгөрөт,
Эмгек менен эл көгөрөт.

Эр эмгегин жер жебейт.

Байлыктын – атасы эмгек.



Эл дөөлөтү – эмгек,
Эмгек баарын жеңмек.

***31-сабак.***

## КУТТУКТАЙБЫЗ

Тууган жерге жылына,
Жадыраган жаз келет.
8-март деген,
Чоң майрамды апкелет.

Мугалимге мектепте,
Ырдап, бийлеп беребиз.
Сүйүнгөндөн тимеле,
Көккө жетет төбөбүз.

http://eduportal.uz

Гүл болсо да кагаздан,
Гүл болсо да сүрөттөн.
Апабызды кубантып,
Куттуктайбыз жүрөктөн.

Токтосун Самудинов




1. Ыр жактыбы? Аны жаттап ал.
2. Мугалимдин жардамында жазма барактан пайдаланып, майрамга карата куттуктоо даярда.



Карасаң жанатан,
Куунун куусун!
Көлгө калтырды,
Чуру-чуусун.

Шаштырсаң — шашыласың,
Шаштырсаң — чачыласың.
Ачтырсаң казынасын,
Айтасың асыл азын.



http://eduportal.uz

## 32-сабак.

# СҮМӨЛӨК

## I

Сабактан келсем, апам коңшу аялдар менен четки үйдө күймөлөнүп жүргөн экен. Кийимдеримди алмаштырып, апамдар отурган үйгө баш бактым. Коңшулар менен саламдаштым. Алар кең жана жазы тактайга жабылган кездемеге нымдап жибитилген





https://eduportal.uz

буудайды төгүп жатышыптыр. Ным буудайды тактайга тегиздеп жайып, үстүнөн азыраак суу себишти. Апам мени көрүп:

— Уулум, коңшулар менен кеңешип, быйыл да сүмөлөк кылууну чечтик. Үрөн өнүп чыкса, ишемби күнү кечинде сүмөлөк даярдоону баштайбыз. Ага чейин жасалуучу жумуштарда атаң менен агаңа кол кабыш кыл. Эми сен да чоңоюп калбадыңбы, — деди.




1. Досуң үйгө келип эмнени байкады?
2. Апасы ага эмне деди?
3. Сүмөлөк жөнүндө билгендериңди айт.



## 33-сабак.

II

Мен макул деп, короо жакка өттүм. Ал жерде атам менен агам казан жана очоктор үчүн жай тегиздеп

http://eduportal.uz

жүрүшүптүр. Мен да колума чакан тырмооч алып, жерди ашыкча чөпчөрдан тазаладым. Ишембиге чейин калган төрт күндүн ичинде отун камдадык. Атам менен агама отундарды араалап, керектүү жерге ташыганга жардам бердим. Ишемби күнү коңшулар бүт чогулуп, түнү бою сүмөлөк кайнаттык.

Эртеси бир аз кечирээк ойгондум. Турсам сүмөлөктүн бетин ачышкан экен. Эртең мененки тамакта ооз тийгени мага да беришти. Мен апама «Бул сүмөлөк өткөн жылдагысынан да даамдуу болуптур», — дедим. Анда атам: «Эмгегиң сиңген тамак мына ушундай таттуу болот», — деп желкемден таптап койду.

1. Сүмөлөк бышырууда эркектердин милдеттери кандай экен?
2. Сүмөлөк жөнүндөгү уламыштарды үйүңдөгүлөрдөн сурап билип ал.



http://eduportal.uz

## 34-сабак.



# НООРУЗ

Нооруз сөзү байыркы фарсы тилиндеги «навруз» сөзүнөн алынган. Ал «Нав — жаңы», «руз — күн» деген маанини билдирет. Демек, Нооруз — жаңы күн, жаңы жыл дегени. Көптөгөн мусулман өлкөлөрүндө бул майрам кеңири белгиленет. Бизде бул майрам мамлекеттик деңгээлде өткөрүлөт. Нооруз жаратылыш жанданган, күн менен түн теңелген мез-

http://eduportal.uz

гилге туура келет. Бизде 21-марттан баштап, Нооруз майрамы бир ай бою белгиленет.

Нооруз майрамында түрдүү оюн-зооктор уюштурулат. Дарбаздар оюн көрсөтүп, улак чабылат. Улуттук тамактарды даярдоо боюнча мелдештер өткөрүлөт. Бул күндө таарынышкандар жарашып, жалпы эл оюн-күлкү кылышат.




1. Нооруз сөзү кандай маанини билдирет экен?
2. Ал кандай майрам?
3. Нооруз майрамына катышкансыңбы? Айтып бер.
4. Сүрөткө карап, майрам жөнүндө баяндап бер.



## *35-сабак.*

## Бөлүм боюнча кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

Төмөнкү «Сүмөлөк» аттуу кроссвордду тиешелүү суроолорго жооп берүү менен толтур.

http://eduportal.uz

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | А | С | | | |
| 2 | | | | | | Ү | | | |
| 3 | | | | | | М | | | |
| 4 | | | | | | Ө | | | |
| 5 | | | | | | Л | | | |
| 6 | | | | | | Ө | | | |
| 7 | | | | | | К | | | |

1. Булуттар сүзчү жай.
2. Эрте жазда бутакта пайда болот.
3. Булуттун көз жашы.
4. Жерде өсөт.
5. Күн бүркөлсө жарк этет.
6. Кош канаттуу көркөм,
   Гүлзарларда көргөм.
7. Жаздын дагы бир аты.




1. Нооруз кандай майрам экен?
2. Нооруз майрамына кандай даярдык көрөсүң?



# АДЕП — АЛТЫНДАН КЫМБАТ

*<u>36-сабак.</u>*

## БАТАЛАРЫН БЕРИШЕТ

Тазалыкты карылар,
Абдан жакшы көрүшөт.
Колдоруна суу куйса,
Баталарын беришет.

Бата алуунун маанисин,
Мен да терең баалаймын.
Бата берген карылар,
Көп жашашын каалаймын.

Аман Кармышаков




1. Ырды жаттап ал.
2. Улууларга дайыма көмөктөш.



Кары келсе — ашка,
Жаш келсе — ишке.





http://eduportal.uz

## 37-сабак.

# КИТЕП

Эки бала жолдо баратып китеп таап алышты. Биринчи бала: «Китеп меники, мен аны алыстан эле көргөм», — деди. Анда экинчиси: «Жок, китеп меники, аны колго биринчи мен алдым», — деп жооп берди. Бул экөө китеп үстүндө талашып турганда аларга мугалим жолукту. «Талашыңар не?» — деп сурады. Алар болгон окуяны айтышты. Мугалимдин: «Бул китепти окуй аласыңарбы?» — деген суроосуна «Жок» — деп жооп беришти. Анда мугалим: «Окуй албасаңар китеп силерге неге керек? Бул китепти мен алайын, кимиң биринчи болуп окуганды үйрөнсөң, ошого берем», — деди.

Спандияр Көбөев

http://eduportal.uz




1. Балдар эмне таап алышты?
2. Эмне деп талашышты?
3. Мугалим эмне деди?
4. Мектеп китепканасына мүчө бол.



Отуруп алып, ичин ачам,
Баатырларга аралашам.
Аябай кызыкка батам,
Аягына жеткенче шашам. (К...)

Китеп — билим булагы
Билим — акыл чырагы.



*38-сабак.*

## АДЕП АЛИППЕСИ

Атам менин ар качан,
Кичи пейил бол деген.
Акыл сөзүн жаттагам,
Мактанбоону жөн көрөм.

Алдын тосуп кишинин,
Кесип өтпө көлдөлөң.

http://eduportal.uz

Жайы менен сурашып,
Адеп менен кол берем.

Калтыруучу уятка,
Жалган сөзгө көнбөгөм.
Жеткирүүчү муратка,
Чындыкты айтуу жөн го дейм.




1. Ырда атасы кандай бол дептир?
2. «Алдын тосуп кишинин,
   Кесип өтпө көлдөлөң» дегени эмне?
3. Акыркы төрт сапты мугалимиңер менен талкуулагыла.
4. Ырдын баштапкы төрт сабын жатта.
5. Ырды көркөм оку.



Адеп — адам көркү.

Адептүү алкыш алат,
Адепсиз каргыш алат.

Эмгек — дайра, билим — кеме.

http://eduportal.uz

**39-сабак.**

## АЛКЫШ АЛДЫ

Ооматбек менен Алмазбек ага-ини. Кең өзөндүн боюнда, тал-тереги көп, жемиши мол бактуу үйлөрү бар. Кенжеси болгону үчүнбү, айтоор, Алмазбек азыраак оюнкараак. Кой дегенге көнбөй, талдын бутагын сындырып, ат кылып минет. Кээде ачакейин көтөрүп, канаттууларды аңдыйт. Ал эми агасы Ооматбек токтоо, акылдуу, спортчу жигит. Күндөрдүн биринде ал инисин чакырып алып, минтти:

— Алмазбек, бутак-шакты сындырганың жакшы эмес, ал деле сенчилеп жандуу нерсе. Жадагалса канаттууларды таш менен койгулаганың таптакыр жарабаган жорук. Алардын да жаны ооруйт. Кийинкиде бул адатыңды таштагын.

Ошондон улам Алмазбек табиятка аяр мамиледе болууну үйрөндү. Агасы



http://eduportal.uz

менен эрте таңдан туруп, дене тарбиялык көнүгүүлөрдү жасоого көнүктү. Жакшы кулк-мүнөзү үчүн мектебинде алкыш да алды.



1. Алмаз кандай бала экен?
2. Агасы ага эмне деди?
3. Табиятка аяр мамиледе болуу дегени эмне?
4. Сен да спортко кызыгасыңбы? Келечекте ким болгуң келет?



***40-сабак.***

## КИМДИН УУЛУ БОЛДУ ЭКЕН?

Колу-буту кирдебейт,
Кеп сурасаң сүрдөбөйт.
Төгүп-чачпай тамакты,
Тартип менен ичип-жейт.

Көчө жарып бакырбайт,
Көрүнгөндү чакырбайт.
Топуракка оонабайт,
Тентектикти ойлобойт.

http://eduportal.uz

Ушул биздин көчөдөн,
Жолуктурам аны мен.
Таза жүргөн адептүү,
Кимдин уулу болду экен?

Нуркамал Жетикашкаева

1. Ырда кандай бала сүрөттөлгөн?
2. Силердин мектебиңерде да ушундай окуучулар барбы?
3. Ырдын баштапкы 8 сабын жаттап ал.

Тий-тий десем тийбейт
Тийбе-тийбе десем тиет. (Э...)

**41-сабак.**

## КӨПӨЛӨКТӨР

Көпөлөктөр лепилдеп учуп, гүлдөн-гүлгө консо, карап туруп кызыгасың. Ак, сары, көгүш түркүн түстүү көпөлөктөр бар. Артынан акмалап келип, эми кармайын дегенде таппай каласың. Көрсө, ал гүлгө конгондо,



http://eduportal.uz

гүлгө окшоп байкалбай калат экен. Бир аздан кийин учуп жөнөгөндө гана гүлдүн арасынан чыкканын билесиң. Демек, табияттын биз билбеген сырлары толтура тура.



1. Кандай көпөлөктөрдү билесиң?
2. Айылыңдын табияты жөнүндө айтып бер.
3. Төмөнкү ребусту чечмелеп, анда жашырынган элдик макалды жаттап ал.






http://eduportal.uz

## 42-сабак.

# ТАРТИП МЕНЕН ТАЗАЛЫК

Кайра-кайра эскертип,
Апам турат эстетип:
«Колуңду жууп тамак ич,
Таза болсун ооздо — тиш».

Тартип менен Тазалык,
Турбаса эгер байкалып.
Кыймылыңды кайтарып,
Аткарбасаң аларды,
Арбый берет каталык.

Асан Жакшылыков




1. Ырды жаттап ал.
2. Эмне үчүн колду жууш керек?
3. Тартип менен тазалык кандай болот?



# КУБАНДЫМ

Таң азандан көзүмдү ачып,
Төшөктөн баш чыгардым.
Күчүгүмдөн мурда ойгонуп,
Алганыма кубандым.

http://eduportal.uz

Эртеси да эрте туруп,
Боз үйдөн баш чыгардым.
Күндөн дагы мурда ойгонуп,
Алганыма кубандым.

Аман Кармышаков

## *43-сабак.*

# ТИШТЕРИМ АК ШУРУДАЙ

Тиштеримди щёткалап,
Күндө-күндө жууймун.
Тишти жегич курттарды,
Жакындатпай кууймун.
Түшүнө албай бөбөгүм,
«Жышыба», — дейт курулай.
Жууган үчүн тиштерим,
Тизилген ак шурудай.

Аман Кармышаков

?!

1. Ырлар жактыбы? Жаттап ал.
2. Сен да тишиңди жууйсуңбу?
3. Тиштериң шурудай ак болушу үчүн эмне кылуу керек?

http://eduportal.uz

**44-сабак.**

## ЭЛЧИ

Көрө билип алысты,
Коргоп элдик намысты.
Элчи болуп барсам — дейм,
Өлкөлөргө алыскы.
Эл ишенчин актасам,
Эл достугун сактасам.
Дүйнөдөгү эң бир чоң,
Өлкөлөргө каттасам.

Абзий Кыдыров

## КИМ АЙТАТ?

Бир кемпирдин мышыгы жана чыйырчыгы болуптур. Күндөрдүн биринде кемпир базарга кетет.

Үй ээн болгондуктан, мышык столдун үстүнө секирип чыгат. Терезенин алдында турган гүл идиш жерге түшүп, сынып калат.

Мышык коркуп кетип:

— Досум, кемпир келгенде гүл идиштин сынганын айта көрбө! Ал

http://eduportal.uz

билсе, менин жазамды берет, — деп чыйырчыкка жалынат.

— Болуптур, мен айтпай эле коёюн. Бирок тиги сыныктар өздөрү айтат го! — дейт чыйырчык.

В. Росин



**45-сабак.**

## ҮЙ-БҮЛӨ

Биздин үйдүн улуусу,
Чоң атам менен чоң энем.
Ата-энемдин эпилдеп,
Урматтары жөн экен.

Байкем менен жеңекем,
Дагы эки эжекем.
Биринчиде окуган,
Эң кичүүсү мен экен.

Ушундай биздин үй-бүлө,
Билгиңер келсе билгиле.
Ынтымактуу экенин,
Көңүлгө да түйгүлө.



http://eduportal.uz

1. Үй-бүлөңдөгү улууларга кандай сый-урмат көрсөтөсүң?
2. Алар жөнүндө айтып бер.
3. Ырды жаттап ал.

Улууга — урмат, кичүүгө — ызат.

Улууга сый көрсөтсөң,
Кичүүдөн сый көрөсүң.

## *46-сабак.*

### Бөлүм боюнча кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Бөлүм боюнча кайсы ыр-аңгемелер сага жакты?
2. Дептериңе сөз оюндарынан дагы жазып келдиңби, окуп бер.
3. «Китеп» аңгемесинде балдар эмне үчүн китептен куру калышты?
4. Жалган сөз уятка калтыраарын кайдан билсе болот?
5. Алмазбек жакшы бала бекен? Ал эмне үчүн алкыш алды?

http://eduportal.uz

# ЖОМОК – ЖАКШЫЛЫКТЫН УЮТКУСУ

*47-сабак.*

## ЖАЛГАНЧЫНЫН ЖАЗАСЫ

*(Армян эл жомогу)*

Бир бар экен, бир жок экен, бир падыша болгон экен. Күндөрдүн биринде ал төрт тарапка жарчыларды чаптырыптыр. Алар элге мындайча кабарды жарыялашыптыр:

— Эй, калайык-калк, калың журт, ким өз жалганы менен падышаны таң калтыра алат? Падыша кимдин сөзүн жалган десе, ага өз алтын алмасын берет!

Падышанын алдына ар жактан адамдар келе баштайт. Бирок падыша келгендердин бардык жалгандарына ишенип, аларды жеңе бериптир. Эреже боюнча, жеңилгендер падышага бир



http://eduportal.uz

алтын теңге берет экен. Ошентип, падыша жеңилгендерден түшкөн алтын менен байлык чогулта баштаптыр.

Бир күнү падышанын алдына бир кембагал адам чоң кумура көтөрүп келиптир.

— Сага эмне керек? — деп сураптыр падыша.

— Саламатсызбы, падышам, — деп жооп бериптир кембагал адам. — Мен өз акымды алганы келдим: сиз менден бир кумура алтын карызсызго.

— Жалган, — деди падыша. — Мен сенден эч кандай карызым жок.

— Жалганбы? Андай болсо, тиги алтын алманы мага бериңиз, улуу урматтуум.

Падыша анын куулугун билип, өзүн билбегенге алды.

— Жок, алдаганың жок.

— Эгерде алдабай жаткан болсом, анда карызыңызды бериңиз.

http://eduportal.uz

Падыша кембагалдын жеңгенин моюнга алды. Бир ооз да сүйлөбөй, алтын алмасын ага берди. Ошентип, ал адам жалганчыны өз жалганы менен жеңип, калкын чыгымдан сактап калыптыр. Ал эми өзү алтын алманы сатып, жыргалчылыкта жашап калган экен.



## 48-сабак.

# ЖАШЫНМАК

Куштай учуп закымдап,
Биз ойнойбуз жашынмак.
Онго чейин санаймын,
Жашынгыла батыраак.
Азыр көзүм ачылат:
Бир, эки, үч, төрт... .
Шашылгыла батыраак,
Жашынгыла батыраак!

Абзий Кыдыров




1. Сен да жашынмак ойнодуң беле?
2. Ырды жаттап ал.



http://eduportal.uz

# ЧАГЫП АЛАТ

Тийишпесең сен деле,
Тийишпесем мен деле,
Чиркей өзү тийишип,
Чагып алат эмнеге?

Акбар Рыскулов



1. Ырды көркөм оку.
2. Жашынмак оюнун ушул ыр менен ойносо болобу?
3. Кандай оюндарды билесиң?
4. Үйүңдөгүлөрдөн балалыкта кандай оюндарды ойногонун сурап кел.



***49-сабак.***

# КЫЗГАНЧААК ПАК

*(Корейс эл жомогу)*

Байыркы заманда Пак деген кызганчаак адам жашаган экен. Көзүнө эмне көрүнсө, бардыгын алгысы келчү, эч көзү тойбойт эле.

http://eduportal.uz

Бир күнү анын капканына суур түшүп калыптыр. Ал жөнөкөй суур эмес, күмүш жүндүү суур экен.

Пак сүйүнүп кетип, суурду кармап алып, өлтүрмөкчү болот. Капысынан суур тилге кирип, адамча сүйлөйт:

— Мени өлтүрбө, бошотуп жибер. Каалаганыңды берем.

— Каалаганымды бересиңби? Анда, мен эмнени кармасам ошол нерсе күмүшкө айланып калсын. Мына ушул шарт менен сени коюп жиберем, — деди кызганчаак Пак.

— Каалаганың орундалат, — деп жооп берди суур.

Кызганчаак Пак капканды кармаса, капкан күмүш болуп калыптыр. Пак суурду коюп жиберип, үйгө жүгүрүптүр. Кубанганынан эсин жогото чуркаптыр.




1. Пак кандай адам экен?
2. Суурдун суранычына кандай тилек билдириптир?



http://eduportal.uz

## 50-сабак.

II

Үйүнүн эшигин кармаган экен, алдында күмүш эшик пайда болуптур. Үйгө кирип отургучту кармаган экен, ал да күмүш болуп калыптыр. Жердеги таар да Пактын колу тиери менен күмүшкө айланыптыр. Мындай байлыкты көргөн кызганчаак Пак үйдө жана короодо чуркап, бардык нерсени кармай бериптир. Акыры чарчап, курсагы ачып, тамак жегиси келет. Бакытка каршы, тамактар да күмүшкө айлана бериптир.

Пактын тамак жегиси келсе да, эч тамактана албаптыр. «Бир айласын табаармын, — деп ойлоптур кызганчаак Пак. — Бирок менин байлыгыма бардыгы суктанат!».

Ырас, Пакка суктанган адамдар болуптур. Бирок көп өтпөй жоон Пак ичке Пакка айланып калыптыр. Кыз-

http://eduportal.uz

ганчаак Пак өзүнүн муздак, катуу күмүш жайына жатып, ачкалык жана суукта өлүп кетиптир.

1. Жомок жактыбы?
2. Ач көздүктүн кесепети кандай аяктаптыр?
3. Сен да Пакка суктандыңбы?
4. Кызганчаак Пак өзү каалаган тилекти кандай баяндаса болмок?

Чынардай бой бергенче,
Тумардай акыл берсин.

Ай түндө керек,
Акыл күндө керек.

Түндө көрүп чок дейсиң,
Күндүз көрүп жок дейсиң.

(Ж ...)

Колсуз, бутсуз эшик ачат.
(Ш ...)

http://eduportal.uz

## 51-сабак.

# ӨНӨРДҮН ПАЙДАСЫ

Иштеп акча табуу үчүн темирчи шаарга жөнөптүр. Жолунан ага бир адам учурап, экөө сапарын улантышыптыр. Шаарга чейинки жол алыс болгондуктан, өздөрү жөнүндө айта башташты. Темирчи өзүнүн кесиби, жасаган буюмдары жөнүндө шеригине айтып берди. Ал эми өзүнүн эмне иш кылаарын сураган темирчиге колунан эч кандай жумуш келбестигин, өнөрү, кесиби да жоктугун билдирди. Кеч кирип калгандыктан, жолунан кезиккен бир үңкүрдө түнөп калышты.

Булар түнөгөн үңкүргө каракчылар келип, экөөн тең кармап алышты. Каракчылар алардын ким экенин, каякка, эмне үчүн бараткатанын сурашты. Темирчи өзүнүн кесиби жөнүндө айтып берди. Колунда эч кандай өнөрү



http://eduportal.uz

болбогон адамдын сөзүн угуп, аны зынданга салышты. Ал эми темирчиге «сен өнөрлүү адам экенсиң, андыктан сага ак жол» дешип, аны коё беришти.




1. Темирчи эмне үчүн сапарга чыкты?
2. Жолунан кимди кезиктирди?
3. Каракчылар аларга кандай мамиле жасашты?
4. Келечекте кандай өнөр үйрөнгүң келет?



Өнөрүң болсо өргө чап.



52-сабак.

## ДАНЕК



Апам берди бир өрүк,
— Чагып же, — деп, — данегин.
Көпкө турдум түнөрүп,
Чаккым келбей а менин.

http://eduportal.uz

Бастырманын алдында,
Кооз сабы бар эптүү.
Күрөгүмдү алдым да,
Көмүп койдум данекти.

Тоймок белем жегенде,
Андан көрө бул өрүк.
Тамыр алып тереңде,
Өсүп турсун түбөлүк.

Жакыпбек Абдылдаев

1. Ырды көркөм оку.
2. Ырдагы бала туура кылдыбы?
3. Сен дагы короoңо көчөт эккенсиңби?

Асты таш, үстү таш,
Ортосунда бышкан аш.
(Д ...)

Жакшыдан бак калат,
Жамандан так калат.

http://eduportal.uz

## 53-сабак.



# ЖАКШЫ КЫЗ

Нилуфар 1-класста окуйт. Ал дайыма таза кийинип, өзүн тыкан алып жүрөт. Сабакта дилгирлиги, тырышчаактыгы менен бат эле шар окууга жетишип кетти. Азыр алдыңкы окуучулардын бири.

Мугалимдин бир сөзүн да желге кетирбейт. Ынтаа коюп угат. Анын адептүү жүрүш-турушун курбулары да жактырышат.

Мектептен келгенден кийин, бетиколун таза жууп, анан тамак ичүүгө

http://eduportal.uz

киришет. Тамактанып бүткөн соң идиштерди жууп, ордуна коёт. Өзүнүн режими боюнча үйгө берилген тапшырмаларды аткарууга киришет. Эсептерди чыгарып, жазуу иштерин аткарат. Мугалим окугула дегендерин окуп, жатка үйрөнүп кел деген ырларды жаттап алат.

Калган бош убактысында үй ишине жардамдашат. Кичипейилдигине, элпектигине, тыкандыгына көңүл бөлүп жүргөн апалар да Нилуфарды бүйрө, тыкан жана жакшы кыз дешет.




1. Нилуфар кантип жакшы окуп кетти?
2. Нилуфарды эмне үчүн баары жакшы кыз дешет?
3. Сен өзүңдү Нилуфарга окшото аласыңбы?



Жакшы кыз — жакадагы кундуз.

Оюнсаак Омор,
Ойлонсо өнөр.
Обу жок оюнун,
Ойнобой коёр.



http://eduportal.uz

**54-сабак.**

## КИМДИН ЧОҢ АТАСЫ УЛУУ?

— Билесиңби, быйыл күздө,
Чоң атам чыгат жүзгө.
— Алдаймын деп ойлобо,
Миңбай ата токсондо.
— Менин атам эң улуу,
Билип алгын сен муну.
Эгер ал өлбөгөндө,
Чындап эле өлбөгөндө.
Жүз элүүгө кирет эле,
Доорду бир сүрөт эле...

Турсунбай Адашбаев




Ырды эки окуучу ролдоштуруп окусун.

## САМАРКАНД

Байыркы маданият борборлорунан бири Самарканд шаары. Ал 2500 жылдан ашык тарыхка ээ. Шаар алгач Согдиана мамлекетинин борбору

http://eduportal.uz



болгон. Самарканд шаарынын аталышы Смараканса сөзүнөн алынган. Бул сөз «улуу шаар» деген маанини билдирген. Бүгүнкү Самарканд — өз аты менен улуу шаар.

Ал күн сайын көркүнө көрк кошулуп турган белгилүү шаарлардан бири. Анын Регистан аянтына жылына миңдеген саякатчылар келишет. Самарканд өзүнүн күмбөздөрү, мунаралары жана медреселери менен бүткүл дүйнөгө даңк тараткан. Биз шаарыбыз менен сыймыктанабыз.

http://eduportal.uz

1. Самарканд шаарынын аталышы кандай маанини билдирет?
2. Ал кандай шаар экен?
3. Сүрөттөгү Регистан аянтынан көргөндөрүңдү айтып бер.

## *55-сабак.*

# ДАНЕК

Бир аял базардан кара өрүк сатып алды. Аны тамактан соң балдарына бермекчи болду. Ал кара өрүктөрдү жууп, тарелкага салып койду.

Ваня мурда кара өрүк жеп көргөн эмес. Ошондуктан кара өрүктөрдү жыттагылай берди. Кара өрүктөр ага абдан жакты. Ваня аларды жеп койгусу келип, андан нары кете албай калды. Үйдө эч ким калбаганда, ал өзүн тутуп тура албады. Кара өрүктөн бирди алды да, жеп койду. Апасы тамак алдынан кара



http://eduportal.uz

өрүктөрдү санады. Караса, бирөө жок. Муну балдардын атасына айтты.

Тамактанып болоордо атасы:

— Балдар, кара өрүктөн бирөөсү жок. Алып жедиңерби? — деп сурады.

Бардыгы: «Жок!», — дешти. Ваня болсо кызарып кетти, ал да: «Жок, мен жебедим», — деди.

Анда атасы:

— Кайсы бириңер жеген болсоңор да жакшы иш кылбапсыңар. Сөз кара өрүктүн өзүндө эмес. Анын ичинде данеги болот. Кимде-ким аны билбей жутуп койсо, эртеси күнү өлөт. Мен мына ушундан гана чочуп турам, — деди.

Ваня корконунан өңү кубарып кетти да:

— Жок, мен данегин терезеден ылдый ыргыткам, — деди.

Бардыгы дуу күлүштү. Ал эми Ваня болсо ыйлап жиберди.

Лев Толстой



http://eduportal.uz

**56-сабак.**

## АСЫЛ ЧӨП

Байдын багында алмалар бышкан кез. Эки кызматчы алма толо каптарды бактын четине ташып жатышты. Алардын бири күшүлдөп-бышылдап, каптын оордугуна датtанып, онтоп баратты. Ал эми анын шериги каптын оордугуна да көңүл бурбай, күлүп-жайнап, беркиге тамашалашып жатты.

— Сен эмне эле кубанасың? Көтөргөн жүгүң меникинен жеңил эмес. Жадагалса өзүң да менден күчтүү эмессиң, — деди биринчи кызматчы.

Анда экинчиси мындай деп жооп берет:

— Мен кабыма жүктү жеңилдеткич чөптөн салып алганмын да, ошон үчүн мага жүктүн оору билинбейт.

— Кантип эле ошондой болсун?! Ал

http://eduportal.uz

чөбүңдүн аты эмне экен? Мен да андан кабыма салып алайын, — деди биринчи кызматчы оолугуп.

— Менимче анын сага пайдасы тийбесе керек. Анткени ал чөптүн аты сабырдуулук болот. Аны өзүңдөн изде, — деп жолун улантты экинчи кызматчы.




1. Аңгеме сага жактыбы?
2. Чөптүн аты эмне экен?
3. «Сабырдуулук» дегенде эмнени түшүнөсүң?



Көк чөп көк,
Көк чөп көк.
Чөп көпкөк,
Көк чөптөн көп,
Көп көк чөп.

Адал эмгек — астыңа ат,
үстүңө тон.



http://eduportal.uz

# ДОСТУК — АСЫЛ КЕНЧ

**57-сабак.**

## ДОСТУК

Алыскы Харезм өлкөсүндө бир балыкчы өткөн экен. Ал Амударыядан балык уулап тиричилик кылчу экен. Кесибинин айынан суудa сүзүүнү мыкты өздөштүрүптүр. Күндөрдүн биринде суугa киринсем деп, агып кеткен кишини куткарып калат. Буга ыраазы болгон алиги адам балыкчы менен дос тутунат. Көрсө ал киши кооз кумуралар жасоочу карапачы болот.

Көп мезгил өтүп, экөө калың дос болуп кетишет. Балык уулаганга чакырса, карапачы суудa сүзө албастыгын айтат. Анда балыкчы досуна суудa сүзүүнү үйрөтөт. Буга жооп катары карапачы балыкчыга кооз кумураларды жасаганды үйрөтөт. Адамдар

http://eduportal.uz



алардан эмне үчүн өз кесиптерин бири-бирине үйрөткөнүн сурашат. Анда алар: «Чыныгы достор өзү билгенин досуна да үйрөтөт», — деп жооп беришет.

1. Балыкчы менен карапачы кандайча достошушту?
2. Алар эмне үчүн өз кесиптерин бири-бирине үйрөтүшкөн экен?
3. Сенин да досуң барбы? Ал жөнүндө айтып бер.

Жакшы дос — жан жыргатаар азык.

Жакшы дос тар жерде,
Жаман дос ар жерде.



http://eduportal.uz

## 58-сабак.

# КАЙЧЫ



Уста темир эритип,
Жасады эки бычакты.
Бир туугандар көрүшүп,
Жайышты анан кучакты.
Ошол күндөн бөлүнбөй,
Бир максатка бет алды.
Эки бычак дедирбей,
Кайчы делип аталды.

Токтосун Самудинов




Ырды көркөм оку.

# КЫРКАЯК



Турсам карап,
Келе жатат.
Кыркаяк!
Мен аны,
Таң калдым,
Буттарын санап.
Тыным билбей жылып,



http://eduportal.uz

Жылып барат,
Өрдү карап,
Жолду санап.
Буттары бүт,
Жыланаяк!



1. Ыр жактыбы?
2. Көрүнүшү укмуш жаныбарларды көрдүң беле?
3. Үй буюмдарын санап бер.



59-сабак.

## АБЫЛ МЕРГЕН

Абыл мерген ок-дарысын, тамак-ашын, мылтыгын алып ууга чыкмак болду. Көптөн бери эңсеп жүргөн иши, аюу атууну көздөдү. Тору кашка аты менен жолго чыкты. Тоого келип, бийик арчанын түбүнө атын байлады. Аюуну эки күн аңдыды. Үчүнчү күнү таңда аюуну мамалагы менен көрдү.



http://eduportal.uz



Ал баласына балык тутууну үйрөтүп жатыптыр. Абыл мергенди аюу байкап калды. Мамалагын ээрчитип тоо боорундагы үңкүргө качты. Мергенчи үңкүрдүн оозун акмалап түшкө дейре жатты.

Бир маалда ал өтө суусады. Жакын жердеги шаркыратмада суусунун кандырды. Бурулса артында аюу айбат салып туруптур. Артына кетенчиктеп,

http://eduportal.uz

аюудан: «Мага тийбе, сураныч, өзүңдү да, мамалагыңды да эми атпаймын», —деп суранды. Аюу бир өкүрүп, артын көздөй кетти. Абыл мерген мамалагын ээрчитип бараткан аюуга мылтыгын сунуп, бирок атпады. Аюунун жакшылыгын эстеди. Атын минип үйгө кайтты.



1. Мерген кандай максатта ууга чыкты?
2. Аюуну каерде көрдү? Анан эмне кылды?
3. Мергенчи эмне үчүн артына кайтып кетти?
4. «Абыл Мерген» аңгемесинин негизинде сүйлөм түзүп келгиле.



***60-сабак.***

## ДОСТУК

Насипкандын алмасы,
Түшүп кетти арыкка.
Ойноп акты карматпай,
Окшоп алтын балыкка.

http://eduportal.uz

Көрүп калган Садыкжан,
Кармап берди анысын,
Рахмат айтып Насипкан,
Бөлүп берди жармысын.

Турсунбай Адашбаев



Кылганың бирөө үчүн,
Үйрөнгөнүң өзүң үчүн.



1. Ыр жактыбы? Садыкжан кандай бала экен?
2. Сен да бул баладан өрнөк ал. Бирок суудан этият болууну унутпа!
3. Берилген макалды класста мугалимиңер менен чечмелегиле!



***61-сабак.***

## АПАКЕ

Касым көчө эшиктен дайыма болорболбоско «апалап» кирчү. Кээде апасы да: «Эмне?» — деп коё бербестен, «Эмне, эмне, эмне?!» — деп жээрип жиберчү.

Касым байкесиникине барганда абдан таң калды. Жеңесинин кенже уулу, өзү

http://eduportal.uz

теңкур Болотбек «апа» дебейт экен. Качан апасы жумуш айтса: «Макул, апаке!» — деп турат экен. Касым өз үйүнө кайтканда апасын: «Апаке!» — деп чакырды. Ашканада жүргөн апасы да: «Касымбек, келдиңби уулум?» — деп жооп кайтарды. Бетинен сүйүп, эркелетти.

Мындай мамилени күтпөгөн Касым сүйүнгөнүнөн жылмайып койду.

Р. Азизхожаев

1. Касым кандай бала экен?
2. Болотбек апасына кандай мамиле кылат экен?
3. Касымбек эмне үчүн жылмайып койду?

Сен деген сенек сөз,
Сиз деген сылык сөз.

Адеп — адамдын көркү.

Адептүү бала — абийир,
Адепсиз бала — жабыр.

http://eduportal.uz

## 62-сабак.

# ЧОКУДА

Жай мезгили жайлоодо...
Көз чаптырып койлорго.
Тал чокуда турамын,
Алпурушуп ойлорго.

Карап алды жагымды,
Жаям алаканымды.
Көкүлүмөн жай сылайт,
Тоонун жели жагымдуу.

Мурун кайдан билипмин,
Азыр тоодон бийикмин.
Эркелетип жаткансыйт,
Маңдайымдан тийип Күн.

Нургазы Ахмедулин




1. Ырды жаттап ал.
2. Нургазы агайыбыз жайды кандай сүрөттөйт?
3. Жай мезгилинде кандай иштерде ата-энеңе жана улууларга жардам бермекчисиң?





http://eduportal.uz

# ЖАДЫРАГАН ЖАЙ МЕЗГИЛИ

## 63-сабак.



### КӨЛДӨГҮ КҮН

Дем алганга кыйындап,
Күн ысыды чыйылдап.
Алайын деп бир сергип,
Көлгө чуркайм куюндап.

Толкундарды сүргүлөп,
Сары бети үлбүрөп.
Ысыгандан мен эмес,
Көлгө түшүп Күн жүрөт.



http://eduportal.uz

Калп айтканым айыптыр,
Мен да түшсөм барып шыр.
Жүргөн үчүн Күн сүзүп,
Суу да жылып калыптыр.

Жакыпбек Абдылдаев



1. Ырды жаттап ал.
2. Жай мезгили сага эмнеси менен жагат?
3. Сүрөттө көргөндөрүңдү айтып бер.



***64-сабак.***

## КУЛПУНАЙ

Күнгө жекшемби болсо да, Асылбек бүгүн эрте турду. Ойгоноору менен атасынын айткан сөзүн эстеди. Ал: «Талаадагы кулпунайлар гүлдөптүр. Жакында мөмөлөрү бышат. Жекшемби күнү сени алып барам», — деген. Шыпылдап барып бети-колун жууду. Адеп менен салам берип, эртең мененки чайга отурду. Чайдан соң атасы менен машинада кулпунай тергени жөнөштү.

http://eduportal.uz

Асылбек мурда кулпунай жесе да, анын өскөнүн көрбөгөн. Ошондуктан батыраак көрүүгө ашыкты. Жол алыс болгондуктан чыдамы жетпей баратты. Өзүнчө кулпунайлардан талаа кыпкызыл болсо керек деп ойлоду. Талаага келип таң калды. Айлана жапжашыл. Кулпунайлар көрүнбөйт. Көрсө кулпунайлар жалбырактардын астына жашынып алат экен. Атасы ага кулпунай тергенди үйрөттү. Ошентип, Асылбек кулпунайлардын кантип өсөөрүн билип алды. Бул жөнүндө эртең класстагыларга айтып бермекчи болду.






1. Ал талаада эмнелерди көрдү?
2. Май айында кандай мөмө-жемиштер бышат? Санап бер.





http://eduportal.uz

## 65-сабак.

# ЖАКШЫ КӨРҮП

— Окууларың жакшыбы?
Айтып дагы бербедиң.
Өттүң кайсы класска,
Кандай болду чейрегиң?..

— Окутуучу эжекем,
Мени быйыл «сыйлады».
Классымда калтырды,
Балким көзү кыйбады...

Турсунбай Адашбаев

# АРСТАН

Кыска, коюу жалы бар,
Айбаты бар, жаалы бар.
Андан коркот бүт баары —
Ашкан жырткыч жаныбар.



Алат жоосун беттеген,
Азыктанат эт менен.
Амалдуу да адамдар —
Аны үйрөтөт эп менен.

Байтемир Асаналиев

http://eduportal.uz

1. Ырларды жаттап ал!
2. Кандай жапайы жаныбарларды билесиң?

## 66-сабак.

# СУУ — ТЕҢДЕШСИЗ БАЙЛЫК

Суу тамак-аш катары жана саламаттыкты сактоодо адамдар үчүн абдан зарыл байлык болуп саналат. Суу планетабыздын үчтөн эки бөлүгүнөн көп аянтты ээлейт. Маалыматтарга караганда, Жер шарындагы суунун 96,5 пайызы океан жана деңиздерге топтолгон шор суу саналат. 2 пайызы болсо муз абалында, болгону бир пайыз бөлүгүнөн ичимдик суусу катары пайдаланылат.

Ушул бир пайыз суунун канчалык зарыл экендигин, аны үнөмдөө керектигин жакшылап ойлоп көрчү. Бирок сууну коромжу кылбастык эрежесине бардыгыбыз да амал кылып жатабызбы?

http://eduportal.uz

1. Сууну кандай жолдор менен үнөмдөөгө болот?
2. Сууну үнөмдөө боюнча өз эрежелериңди жазып кел жана ага амал кыл.

## АК САМЫН

Көбүр-көбүр ак самын,
Кызматыңды баштагын.
Кулагыма жабышкан,
Чаңды чайып таштагын.

Көбүр-көбүр ак самын,
Көбүгүңдү катпагын.
Чамбыл-чумбул балтырым,
Көтөрүп ур баткагын.

Көбүр-көбүр ак самын,
Көпкөк тунук суу жаным.
Булчуңдарым сергисин,
Маалы менен жуунамын.

А. Сыдыкбаев

http://eduportal.uz

1. Сууну үнөмдөп колдонууга адаттан.
2. Сенин чейрегиң кандай, жакшы окудуңбу?
3. Кандай жапайы жаныбарларды билесиң?

**67-сабак.**

## ЖАЙ МЕЗГИЛИ

Жыл мезгилдеринен эң ысыгы жай болот. Сен өңдүү окуучуларга да эң жакканы ушул мезгил болсо керек. Июнь айынын ортолорунан баштап мөмө-жемиштер быша баштайт. Ободу гилас, кулпунай, тыт андан соң алма, өрүк, шабдаалы быша баштайт. Окуучулар каникулга чыгышат. Үй иштеринде ата-энеңе көмөктөшүп, аларга кол кабыш кыласың. Күндүн аптабында бышып жетилген мөмөлөрдү жеп, күндө денең чыныгат. Жайкы лагерлерге барып, жаңы достор менен таанышасың. Жакшылап эс алып, кийинки окуу жылы үчүн күч жыйнайсың.

http://eduportal.uz

1. Сага жай мезгили жагабы?
2. Жайда кандай өзгөрүүлөр болот экен?
3. Жай мезгилинин окуучуларга пайдасы жөнүндө айтып бер.

Көзү тосток, ийри бут,
Тону дайым нымдашат.
Күндүз тоюп чиркейге,
Түнү чардап ырдашат. (Б...)



## 68-сабак.

## СӨЗ ОЮНДАРЫ

«Нан»ды терс окусаң,
«Нан» болот.
«Нак»ты терс окусаң,
«Кан» болот.





«Күчүк»тү терс окусаң,
«Күчүк» болот.
«Күкүк»тү терс окусаң да,
«Күкүк» болот.

http://eduportal.uz

«Аксак»ты, терс окусаң,
«Каска» болот.
«Акча»ны терс окусаң,
«Ачка» болот.

Оң-тетири окусаң,
Маани берген сөздөр көп.
Эми өзүң таап көр,
Кантип, кандай өзгөрмөк?

Эсенгул Ибраев

## Бөлүм боюнча кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

**I.** Берилген сандардын ордуна үлгүдө көрсөтүлгөн тамгаларды коюп, өзүңө тааныш сүйлөмдү оку.

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ы | Н | А | Р | Ж | Й | М | Д | Г | Е | Л | З | И |

| 5 | 3 | 8 | 1 | 4 | 3 | 9 | 3 | 2 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ж | А | Д | Ы | Р | А | Г | А | Н |

http://eduportal.uz

| 5 | 3 | 6 |
|---|---|---|
| | | |

| 7 | 10 | 12 | 9 | 13 | 11 | 13 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

**II.** Төмөнкү суроолорго жооп берип, сүйлөмдү толуктап оку.

Ушул бөлүмдүн 1-ырынын аталышы

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|

Ушул бөлүмдүн 2-сабагындагы аңгеменин аталышы

| | | |
|---|---|---|

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|

64-сабактагы аңгеменин аталышы

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|

**III.Балта, бычак, чапкы, табак, кычкач** деген сөздөрдү чакмактар-

http://eduportal.uz

га туура жайгаштырсаң, кыйгачынан дагы эки буюмдун атын окуйсуң.







1. Бөлүмдөгү кайсы чыгарма жакты?
2. Көлдөгү суу эмне үчүн ысып калыптыр? Ырда айтылгандар чынбы?
3. Китебиңдеги макалдардан кайсыларын билесиң?
4. Жаныбарлар жөнүндө кандай ыр жана жомокторду окудуң?
5. Жайкы эс алууда эмнелер менен алектенгениңди 2-класска келгениңде айтып берүүгө даярданып жүр.



http://eduportal.uz

# ӨЗ АЛДЫНЧА ОКУУ ҮЧҮН

## КАР



Жердин бети чоң супура,
Булут көктөн кар себет.
Бир заматта талаа-түздү,
Ороп калды ак шейшеп.
Бак ичинде ала күчүк,
Ойнойт эски терини.
Камал байкем колун үйлөп,
Отун жарат эринип...
Даалы бабам колунан
Түшпөйт күрөк, шыпыргы.
Тазаланган жер бетине,
Жаайт ак кар утуру.
Шамал карды чачып кетет,
Бирде катуу ышкырат.
Сыртка чыгып басып көрсөм,
Өтүк коркот кычырап.

Турсунбай Адашбаев

http://eduportal.uz

# ТАШ БАКАЛАР

Таш бакалар кургактыкта жана деңизде жашашат. Алардын таштары катуу болот. Таш бакалардын көзү курч, даам жана жыт билүүсү өтө күчтүү келет. Бирок өтө начар угат. Ургаачы таш бакалар шырылдаган, ал эми эркектери болсо аңкылдаган үн чыгарышат. Жерде жашоочу айрым таш бакалар ырылдай да алышат.

Азыркы таш бакалардын эң чоңу деңизде жашоочу териси калың таш бака болуп саналат. Анын салмагы 450 килограммга жакын болот. Эң чоңдорунун узундугу 2 метрге чейин жетет жана 680 килограмм салмакка ээ.

Кургактыктагы таш бакалар кышында арыктардын түбүндө жана жердеги уяларында уйкуга кетишет. Таш бакалар 200 жыл жана андан да узагыраак жашашы мүмкүн.

Балдар энциклопедиясынан



http://eduportal.uz

## ЭСЕП САБАГЫ




Кагаз, калем албай туруп,
Эсептейли, табалы.
Бир дептерде 24 бет,
Анын канча барагы.

Беш козуга беш козуну,
Кошо билет бүт баары.
Бирок анын канча болот,
Кулактары, буттары?





Эгер болсо 50 тиши,
Колуңдагы таракта.
5 таракта канча тиштин,
Болоорун айт заматта.

Жакыпбек Абдылдаев

## ЭКИ БААТЫР

Илгери өткөн заманда биздин жерлерди калмактар басып алыптыр. Элден Алай менен Жолой аттуу эки баатыр чыккан экен. Алар аскер жыйнап, элин душмандан куткарууну ойлошот. Журттан баатыр, эр жүрөк жи-

гиттерди чогултуп, Жайдак талаа деген жерде аскердик ишке машыктыра баштайт. Кырк күн дегенде жоокерлер арстандай алгыр, бүркүттөй чапчаң болуп жетишишет. Булардын ишинен калмактар да кабар табат.

Алар бул эки баатырды сынап көрмөккө бир куу чалды жөнөтүшөт.

Куу чал тоо этегине түшсө, Алай баатыр Жолойдун атына карап жүргөн экен. Чал андан «Сен кимсиң?», — деп сурады. Ал:

— Мен Жолой баатырдын ат багуучусу боломун, — деди.

— Анда мага Жолой баатырыңды көрсөт, — деди чал.

Анда Алай:

— Аксакал, бир аз күтө турсаңыз, мен казан асуу үчүн бир-эки таш алып келе коёюн, — деп чуркап кетти. Эки колтугунда эки казандай ташты көтөрүп, чуркап келе жаткан Алай баатырды көргөн чал:



http://eduportal.uz

— Жөнөкөй ат багуучусу ушундай болсо, Жолой баатыры кандай экен? Булар менен беттешип бөөдө кырылганча, өз журтубузга качып кеткенибиз оң, — деди.

Мына ошентип, калмактар ошол түнү эле өз өлкөлөрүнө качып кетишиптир. Алай менен Жолой болсо элди узак жылдар бою сырткы душмандардан коргоп турган экен.

## САЛАМДАШУУ АДЕБИ

Улуулардан калган салт,
Урмат кыла билели.
Жолукканда ар кимге,
Салам айта жүрөлү.

Салам айтсак улууга,
Эстүү экен деп сүйүнөт.
Салам айтсаң кичүүгө,
Улуулугуң билинет.



http://eduportal.uz

Салам айтам дайыма,
Салам айтам баарына.
Саламдашуу салт экен,
Кичүүгө да, карыга.

## СУРАП БИЛҮҮ АДЕБИ

Уят эмес эч качан,
Билбегенин сураган.
Улуу иштерди адамдар,
Сурап билип улаган.

Түшүнбөсөм эсепке,
Эжекеме барамын.
Айтканына кунт коюп,
Сурап-билип аламын.

Орондобой, кыйкырбай,
Иштин жайын сурайлы.
Аталардын бүтпөгөн,
Чоң иштерин улайлы.

Гүлмира Рысбаева

http://eduportal.uz

# ОЙЛОП КӨРЧҮ

Балдар тиксе көчөттү,
Бериктин да көзү өттү.
Саймак болду ал дагы,
Үч түп өрүк, алманы.

Аңгычакты топ тепкен,
Досу чыга калганы.
Оюн десе бүлүндү,
Баарын таштап жүгүрдү.



Жакшы көрөт жашынан,
«Азыр» эмес, «кийинди».
Элдин жашыл бактары,
Бериктики сапсары.

Өйдө-төмөн өткөнгө,
Эми кайдан мактануу.
Ойлоп көрчү, Берик, сен,
Минтип калды неликтен?

Аскар Макешов

http://eduportal.uz

# МЕН УШУНДАЙ БАЛАМЫН

Мен ушундай баламын,
Күндү уялта карадым.
Жатып алып кол сунуп,
Жаңгак терип аламын.

Пилди чертип коркутам,
Көлдү үйлөп толкутам.
Карагайды сындырып,
Аскаларды жылдырам.

Казан жасап асманды,
Айды жабам нан кылып.
Жылдыздарды калтырбай,
Түнү коїм жандырып.

Жердин басып кулагын,
Ай, Чолпонго чыгамын.
Дайраларды чөлдөргө,
Көлдү тосуп бурамын.

http://eduportal.uz

Мен ушундай баламын,
Кумдан балык табамын.
Жаңгактарды кадимки,
Семичкедей чагамын!

Кармышак Ташбаев

## КИТЕП

Китеп деген бир укмуш,
Камтыйт аалам сырларын.
Талбай окуп, түшүнүп,
Акылыңа ил баарын.

Китеп өзү сыйкырдуу,
Бүт кубулуш ичинде.
Үйрөнгүнүң бүт жумшап,
Эркиң менен күчүңдү.

Алматай Чойбекова

http://eduportal.uz

# ОЙ ӨСӨТ

Агай бизге билим берет, үйрөтөт,
Китеп окуп, акыл артат, ой өсөт.
Окуу менен куралданып туралы,
Алдыбызды окуу жарык көрсөтөт.

Калбасак биз эгер такыр сабактан,
Жаңылбасак көп окуган адаттан.
Улууларды жүргөн болсок урматтап,
Куру койбойт бизди акылдан Жараткан.

Ооба, мектеп, китеп менен мугалим,
Берет бизге тарбия да, чоң билим.
Барктай албайт эч убакта буларды,
Байкабаса, түшүнбөсө эгер ким.

Куштарбек Кимсанов

http://eduportal.uz

# ПИНГВИНДЕР КАЕРДЕ ЖАШАШАТ?

Көпчүлүк адамдар бул таң каларлык куш Түндүк жана Түштүк уюлдарда жана башка суук жерлерде жашайт деп ойлошот. Чындыгында пингвиндер Түштүк уюлда гана жашашат. Алар Антарктида жана ага туташ аралдарда күн кечиришет.

Пингвиндер жалпыбызга адамга окшоштугу менен таанымал болуп кеткен. Алар жазы манжалары менен тик тура алышат. Пингвиндер адатта аскерлерге окшоп тизилип турушат. Алардын койкоё басканын көргөндө адамдын күлкүсү келет. Бүткүл тулку бою майда тегерек жүндөр менен капталган. Ал бизге ак көйнөк менен костюм-шым кийген адамдай болуп көрүнөт.

Көп кылымдар мурда пингвиндердин бою дээрлик эки метр болгон. Мындай чоң пингвиндерди көз алдыңа келти-



http://eduportal.uz

рип көрчү. Кандай гана коркунучтуу ээ? Бүгүнкү күндө пингвиндердин 17 түрү бар. Алардын эң ирисинин бою 1 метр, салмагы 36 кг келет. Бул королдук пингвиндери деп аталуучу пингвиндер болуп саналат.

Өткөн замандарда пингвиндер куштар сыяктуу уча алышкан. Бирок көбүнесе өздөрүндө учууга зарылдык сезишпеген. Канатынан пайдаланбаган пингвиндер көп кылымдар өтүп учуудан сүзүүгө өтүшкөн. Тери астында калың май катмары болгондуктан, жашаган жериндеги өтө катуу суукта да алар үшүбөй жүрө беришет.

«Укмуш китептен»

## УЯ САЛУУ

Жаз келди. Жаздын келиши чабалекейлерди чакырды. Терезеден чабалекейдин экинчи бирөөсү учуп кирди. Анан экөө тең ары-бери айланып учушту. Көрсө, алар өздөрүнө уя

http://eduportal.uz

салуунун жолун издеп жүрүшүптүр. Ушундан баштап экөө тең тынбай иштеп жатышты. Алардын бири ылай алып келсе, экинчиси чөп тиштеп келип, уя куруп жатышты. Алардын эмгекчилдигине таң калдым.

## ЖООГАЗЫН

Эрте жазда жоогазынды арыктын боюна отургузушту. Ал жаңы топуракта жаңы күч менен таңды күтүп алды. Аба да таптаза, күн чайыттай ачылып турат. Жоогазын күндөн-күнгө тамыр жайып, жайнап өсө баштады. Ал айланасындагы бардык нерсени жакшы көрчү: мөлтүр кашка сууну да, таптаза абаны да, жарык күндү да. Теребелди эркеленип, куунап карап турчу. Ал ушундайча жашай баштаганына, өзүн алып отургузган адамга да өтө ыраазы эле. Күндөрдүн биринде:



http://eduportal.uz

— Эй, сен көп кубана бербе! Мен тирүү турсам, али жашоого келгениңе көп өкүнөсүң, — деген ачуу үн угулду. Чочуп кетип жалт караса, ылдый жакта өңү серт Чөп башын чайкап туруптур.

Гүлдүн көңүлү бузулуп, дили ооруй түштү. Ага эч нерсе деп жооп кайтара албады. Көз алды караңгылашып, дүйнө тарып кеткендей болду. Аз-аздан солуп, саргая баштады. Аргасыздан жанындагы өзүнөн чоңураак Гүлгө жөлөндү.

— Көңүлүңдү чөктүрбө, чыда! — деп жубатты ал.

— Адамдар аны «жапайы чөп» дешет. Өзүнөн башканы ойлобой турган жаман чөп. Тез күндө андан кутулабыз.

«Жакшы сөз — жанга кубат» демекчи, Жоогазындын көңүлү бир аз көтөрүлүп калды.

Баягы Гүлдүн айтканы туура болуп чыкты. Эртеси күнү бир бала келип, чөптү жулуп таштады.

Жоогазын кулпуруп өсө баштады. Мезгили келип гүлүн да ачты, жыпар жытын да таратты. Көп нерселерди билип алды. Бул жашоодо жакшылык да, жамандык да бар экенин көрдү.

## БАЛЫКТАР ДА УКТАШАБЫ?

Көзүңдү ачып уктай аласыңбы? Жок, укташың үчүн кирпиктериңди жумушуң керек. Ошондуктан балыктар бизге окшоп уктай алышпайт. Алардын кирпиктери болбойт. Бирок түн кирээри менен алар эс алышат. Кээ бир түрлөрү капталы менен жатып да алат.

Көпчүлүк балыктардын көзү башынын эки капталында болот. Балыктын ар бир көзү сырттын бир гана жагын

http://eduportal.uz

көрөт. Ошон үчүн балыктардын ар эки көзү аларга көбүрөөк жерди көрүү мүмкүнчүлүгүн берет. Алар алдыдагы, арттагы, капталындагы, жогору жана ылдыйдагы нерселерди көрө алышат. Балык оозу жагындагы нерсени эки көзү менен көрөт. Алар кээ бир түстөрдү да ажырата алышат экен.

Балдар энциклопедиясынан

## АСАНДЫН АТЫ КИМ ЭЛЕ?

Күндөрдүн биринде Апенди жер айдап жатып курсагы ачат да, жолдон өтүп бараткан бир балага:

— Ой, бала, барып менин уулума айтып койчу, мага тамак алып келсин — дейт.

— А балаңыздын аты ким? — дейт тиги бала.

Же чарчаганданбы, же курсагы аябай ачканданбы, ким билсин, бат эле уулунун атын таппай калат да:

http://eduportal.uz

— Сен мында күтө турчу, мен үйгө барып, кемпиримден сурап келе коёюн — деп, үйүн көздөй чуркап кетет.

Күйүп-бышкан Апенди жарым жолго жеткенде, ага тамак алып келе жаткан кемпирин көрө коюп:

— Ой, кемпир, Асандын аты ким эле?! — деген экен.

## ТАРАНЧЫ

Кирип келсе болобу,
Таранчы биздин класска.
Ызы-чуу дароо басылып,
Тунжурай түштүк бир азга.
А көрсө, биздин чурулдак,
Класстын ичин жарыптыр.
Өзүбүз деп таранчы,
Байкабай кирип алыптыр.

Каныбек Жунушев

http://eduportal.uz

1. Апендинин жоругу жактыбы?
2. Ушундай күлкүлүү окуялардан билсең айтып бер.
3. Ырды жаттап ал.



Гүлдөр гүлдөп,
Гүлүн ачты.
Гүлүнөн булбул
Үнүн ачты.
Үнүнөн гүлдөр
Жыпар чачты.
Жыпардан булбул
Толкуп ташты.

Мына, окуучум, сени менен сөз дүйнөсүнүн 1-китебине жасаган саякатыбыз аягына жетти. Сен мында кызыктуу аңгемелерди, сыйкырдуу жомокторду, макал-жаңылмачтарды окудуң. Ошону менен бирге эң сонун ырларды да жаттап алдың. Жайкы каникул убагында көргөн-билгендериңди 2-класска барганыңда мугалимиңе, классташтарыңа айтып бересиң.

http://eduportal.uz

## МАЗМУНУ

### Өзбекстан — мекеним менин


Мекен. .......................................................3
Менин айылым ..........................................4
Мекен сакчысы .........................................6
Мекен .......................................................7
Алиппе ырлар ...........................................8
Сүрөт сабагында .......................................9
Сарин менен маек .....................................9
Ата журтум ...............................................10
Бөлүм боюнча кайталоо үчүн суроо
жана тапшырмалар ...................................10


### Сыйкырдуу кыш


Биринчи кар .............................................11
Кыш .........................................................12
Бугу менен Элик .......................................14




http://eduportal.uz

## Билим — акыл чырагы

Окуу менен билим жөнүндө ....................17
Мугалим ....................18
Акылдын баасы....................19
Өзүң ойлоп талдачы ....................22
Акылдуу бала ....................23
Бөлүм боюнча кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар ....................27

## Биз — улуу элдин урпактарыбыз

Ата журтум ....................28
Ата бабам — сыймыгым....................29
Неге?....................30
Амир Темур ....................31
Эр жүрөк баатыр....................33
Туура эмес учурашуу ....................34
Кирпинин ыры ....................35
Куу түлкү....................36
Булбул....................38
Түш....................39



http://eduportal.uz

## Жаз — жаңылыктын жарчысы

Болуп калды жазгы убак....................40
Жаз — жаратылыштын майрамы..............41
8-март — кыз-келиндер күнү....................43
Куттуктайбыз..........................................44
Сүмөлөк..................................................46
Нооруз....................................................49

## Адеп — алтындан кымбат

Баталарын беришет...............................52
Китеп......................................................53
Адеп алиппеси........................................54
Алкыш алды............................................56
Кимдин уулу болду экен? ......................57
Көпөлөктөр............................................58
Тартип менен тазалык............................60
Тиштерим ак шурудай...........................61
Элчи.......................................................62
Ким айтат? .............................................62
Үй-бүлө ..................................................63

http://eduportal.uz

Бөлүм боюнча кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар ....................................64

## Жомок — жакшылыктын уюткусу

Жашынмак......................................................67
Чагып алат ....................................................68
Кызганчаак Пак (*Корейс эл жомогу*).......68

Өнөрдүн пайдасы .......................................72
Кимдин чоң атасы улуу? ..........................77
Самарканд.....................................................77
Данек.............................................................79

## Достук — асыл кенч

Достук ...........................................................83
Кайчы ............................................................85
Кыркаяк..........................................................85
Абыл мерген ..................................................86
Апаке..............................................................89
Чокуда ............................................................91

http://eduportal.uz

## Жадыраган жай мезгили

Көлдөгү Күн ........................................92
Кулпунай ...........................................93
Жакшы көрүп.......................................95
Арстан...............................................95
Суу — теңдешсиз байлык.........................96
Ак самын ...........................................97
Жай мезгили ........................................98
Сөз оюндары.......................................99
Бөлүм боюнча кайталоо үчүн суроо
жана тапшырмалар ...............................100

## Өз алдынча окуу үчүн

Кар ..................................................103
Таш бакалар.......................................104
Эсеп сабагы .......................................105
Эки баатыр .........................................105
Саламдашуу адеби ...............................107
Сурап билүү адеби...............................108
Ойлоп көрчү .......................................109
Мен ушундай баламын ...........................110



http://eduportal.uz

Китеп .......................................................... 111
Ой өсөт ...................................................... 112
Пингвиндер каерде жашашат? .............. 113
Уя салуу ..................................................... 114
Жоогазын .................................................... 115
Балыктар да укташабы? ......................... 117
Асандын аты ким эле? ........................... 118
Таранчы ...................................................... 119

http://eduportal.uz

*O‘quv nashri*

**Aynura Zulpixorova, Aynagul Zulpixorova**

# O‘QISH KITOBI

**Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining
1-sinfi uchun darslik**

*To‘qqizinchi nashri*

*(Qirg‘iz tilida)*

Original-maket
«O‘zbekiston» nashriyot-matbaa ijodiy uyida tayyorlandi.
100011, Toshkent, Navoiy ko‘chasi, 30.

Сүрөтчүлөр: *О. Фазилов, М. Юлдашев*
Редактору *Р. Жуманазарова*
Көркөм редактору *Д. Муллажанов*
Техн. редактору *Б. Каримов*
Компьютерде даярдаган *Б. Душанова*

Басманын лицензиясы AI №158. 14.08.2009.
2019-жылы 23-январда басууга уруксат этилди.
Форматы $70\times90^{1}/_{16}$. Офсеттик кагаз. Арип түрү «Прагматика».
Кегль 18. Офсеттик басма. Шарттуу басма табагы 9,36.
Учёттук басма табагы 9,75. Нускасы 838. Келишим №435.

«Sharq» басма-полиграфиялык акционердик
компаниясынын басмаканасында басылды.
100000. Ташкент шаары, Буюк Турон көчөсү, 41.

http://eduportal.uz

**Зулпихарова, Айнура.**

З15 Окуу китеби: Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 1-классы үчүн окуу китеби / А. Зулпихарова, А. Зулпихарова. 9-басылышы. — Т.: «O'zbekiston», 2019. — 128 бет.

I. Зулпихарова, Айнагүл.

ISBN 978-9943-01-731-3

**УЎК 372.41**
**821.512.154.3**
**КБК 81.2 қир-93**

http://eduportal.uz